ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

**АСАНАЛИЕВА К.**
**nbknu@mail.ru**

## ЭРНИСТ ТУРСУНОВДУН КЫРГЫЗ ПОЭЗИЯСЫНДАГЫ АКЫНДЫК ОРДУ

*Макалада акындын кыргыз поэзиясынын казынасын байытууга жигердүү катышып, кошкон салымы жана бүгүнкү мезгилдеги чыгармачылык орду жөнүндө айтылат.*

Бүгүнкү кыргыз поэзиясында мейли улуу муундагы дасыккан акындарыбыздын, мейли жаш акындарыбыздын чыгармачылыгында болсун, барында тең мазмундун жаңылыгы менен тереңдигине форманын көп түрдүүлүгү шайкеш келип, эмоциялык таасирдүүлүгү артты, башкача айтканда, дүйнөнү жаңыча көркөм кабылдоо, көркөм ойлоонун масштабдуулугуна жетишүү, коом менен жеке адамдын ажырагыс биримдигин поэтизациялоо күчтүү темп менен жүрүп жатат. Андай аракеттердин натыйжалары ар кимисинин талант көрөңгүлөрүнө, билим, тажрыйба, изденүү мүмкүнчүлүктөрүнө жараша ар түрдүү деңгээлде болгондугу да өзүнөн өзү түшүнүктүү.

Азыркы мезгилдеги кыргыз поэзиясынын өнүгүш процессин көз алдыга келтиргенде улуу муундагы дасыккан акындарыбыздын бири Э.Турсуновдун калеминен жаралган бир ыр жыйнагынын тегерегинде сөз болмокчу. Орус философу жана сынчысы В. Розановдун “атак-даңктан куру калганды тагдыр өзү сактап калат”деген сөзү бар. Дал ошонун сыңарындай, эч кимге билинбей, билгизбей, куду дал өзү айткандай “бака болуп чардабай”, жазган ырлары өзгөчө постсоветтик мезгилде жараткан ырлары жыйнакталып, топтолуп, “Автопортрет”деген ыр берметтерин түзгөн.Бул жыйнак өзүнүн бүтүндөй туруш-турпаты менен дүйнөнүн, жашоонун, улуу турмуштун сулуулугун даңазалаган, дүйнөнүн нукура сулуулугун сөз менен сүрөткө түшүргөн, болгондо да сулуулук нурунан жаралгандай тунук лирикадан турган китеп.

Француз элинин улуу уулу Вольтер өз учурунда “Жүрөктү козгоочу жаңы чындыктарга адамдарды үйрөтө албаган ырлар татыксыз”- деген экен.

Бизди курчап турган дүйнөнү, адамдардын өз ара карым-катышын, биз көрүп жүргөн бардык нерсени көркөм кабыл алуу-жаратылыштын тартуулаган чоң сыйы. Бул тартууну өмүрүнүн акырына чейин дейре өркүндөтө алган акын - чыныгы сүрөткер. “Акын карапайым адам көрбөгөн, анчейин байкалбаган турмуштук окуялардын билинер-билинбес байланышын көрөт. Башка бирөө көрүп туруп эле айта албай турган нерсени издетпей туруп табылгандай сөздүн сыйкырдуу күчү менен жүрөк титиретерлик кылып айтат. Акындын акындык жосуну ушунда.”[1]-деп белгилүү сынчы Кеңешбек Асаналиев айткандай. Чындыгында эле, жаратылышындагы чоң толкуну бар акындар турмушту жандантуучу күчкө ээ. Алардын курч көзү кайсы гана нерсеге урунбасын, ошол көрүнүштү өзүнөн өткөрүп, поэзияга айлантат.Чыгармачылык кудуретине, дүйнөгө көз карашына, фантазиясына жараша окурмандын ой- толгоосун козгоп, аң сезимине бүлүк салат. Белгилүү го, ар кандай чыныгы поэтикалык чыгарманын өзөгүндө эң оболу дүйнөнү аңдап таануу аракеттеринен сыгылып чыккан учкул ой жатат.

Поэзия башка жанрлардан өзүнүн бөтөнчө белгилери менен айырмаланат, башкача айтканда ыргагы, кайрыгы, басымы, үндүүлүгү, мукамдыгы аркылуу жүрөккө жетет. Ага кошумча ойдун тереңдиги мазмунду камтып турат. Мезгил өзү иргеп - сынап алгандай, жылдар өткөн сайын ыр жазган көп акындар унутулат, алардын жазгандары келечек муундардын эсинде калбайт. Чыныгы акындын жакшы эмгектери көмүскө калган башка эмгектерин да аренага алып чыгат. Анткени, акындын чеберчилигин калыптоодо алар да өбөлгө болгон.

Эрнис Турсуновдун кайсы гана ырына ой жүгүртпөйлү, поэтикалык ойлору терең, диапазону кенен, көркөм салыштырууга бай, уйкаштары табигый, так, укулуктуу, жагымдуу.Жөнөкөй эле тигил же бул нерсе жөнүндө болобу, же бир чоң кубулуш жөнүндө болобу, акын ал көрүнүштүн тышкы абалын сүрөттөп отурбайт, дароо ички

ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com
ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

дүйнөсүн аңтарып кирет. Акын жандуу сөзгө өтө маани берет. Саптагы жандуу [illegible] ордунда турса, ырга кыймыл берет, тамырына кан жүгүртөт.

Таш эмес эттен бүткөн
Жарадар баш,
Таңдагы кызыл шарга
Барабар баш,
Миң сокку мизин терең,
Батырса да,
Жер шарын көтөрүүгө
Жараган баш.
«Жарадар баш»

Жан менен жуурулушкан бир ууч турпак,
Жатат да ата жыттап, эне жыттап,
Жыл өтүп ыйык жерге жалт бурулсак,
Жылдызга жаш урпакты алып учмак.
“Бир ууч турпак”

Жер жөнүндөгү эки башка ыр негизги бир ой менен тутумдашкан. Адам менен эмгек пафосун шайкеш келтирген мындай саптарды жазыш үчүн Жер –Энеге болгон акындык сүйүү түрткү берген. Бул эки ырдын акыркы эки саптарында акын шарттуулук законун тартуулаган, “Жер шарын көтөрүү”,”Жылдызга алып учуу”сыяктуу көрүнүштү же турмушту сүрөттөөдө шарттуулук закону авторго көмөк болгон.Ошону менен бирге турмушту үйрөнүү, аны акындык талдоодон өткөрүү, штрих-деталдарга бөтөнчө көңүл буруу ыр түзүлүштөрүн ийне – жибине чейин так билүү көркөм чеберчилигин арттырган.

Эрнис Турсуновдун акындык бөтөнчүлүгү - өмүр, өлүм, бакыт, кайгы-муң, Адам, жашоо, убакыт, табийгат, махабат тууралуу жазылган сонеттеринде жана балладаларында байкалды. Мейли, скрипка же кылкыяк сыбызгытсын ак чыныны же таш күзгүнү ырдасын, Ысыккөл же Көкөмерен сыяктуу жер кереметин күүгө салсын, бары бир алардын ар бирин өмүр менен, жылдар менен органикалуу байланышта карайт. Алардын башкы каарманы өзү. Алган багыт, обьект: адамдар, тагдырлар, жылдар. Буларды бири-бири менен карым-катышта сүрөттөйт.

Үмүтүм жүзөгө ашпай Көкөмерен,
Үстүңөн шуу үшкүрүп өтө берем,
Кайрылып сен артыңа акпагандай,
Мен дагы келбесиме кете берем.
Бир жылда жомоктордон жолугарбыз,
Ал күнгө сенден озуп эрте келем.

Ал сонет жазууда англиялык сонет формасына кайрылган, анын чыгармачылыгына Шекспирдин сонеттерин которуу чоң мааниге ээ. Сынчы К.Эдилбаев акындын изденүүсүнө байкоо жүргүзүп келип, сонет табияты бир кыйла эстетикалык деңгээлде табигый түрдө билгичтик менен ачылгандыгын белгилеп, “ композициялык курулуш законченемдери да индивидуалдуу белгилерге ээ” дейт. Ал минтип жазат: “-Маселен, Э.Турсуновдун сонеттериндеги уйкаштар табигый жана так, бир калыптагы мелодикага ээ, айтылчу ойдун тезиси бара-бара антитезис менен алмашылбайт, тескерисинче, тезис айтылат да ал акыркы эки сапка чейин өнүктүрүлөт жана синтезге өтөт. Мунун баары туюнтуу каражаттары менен ыкмаларын чебер өздөштүрүүгө, ага жетишүүгө кылган акындын текке кетпеген далалаты.”[2]

Акындын поэтикасы - көркөм боектуу сүрөттөмөлөрдү мол колдонгондугуна байланыштуу.”Аба жиреп шукшурулган бир кушмун”, “Ителгиче бүркүттү тээп ыргытып”,”Бир аккууга айлангандай үч шумкар”,”Балын татып каларымда бактынын, багынтпады элик мисал сактыгың”деген сыяктуу саптар жана пайдаланылган метафора, салыштыруулар сонеттердин эстетикалык көркүн ого бетер арттырып турат. Өзүбүздүн төл адабиятыбызда М. Борбугулов “Адабият теориясы”деген эмгегинде форма жөнүндө

ABBYY PDF Transformer 2.0
Click here to buy
www.ABBYY.com

мындайча жазат: “Сонет-он төрт саптан турган, бир өлчөм менен жазылган жана белгилүү тартипте уйкашкан ыр. Уйкаштык схемасы:(абба-абба-ввг-ддг) бул схеманын өзгөргөн учурлары да болот”[3]. Салт формасынын композициялык түзүлүшү, диалектикалык кубулушу анын поэтикалык магиясын, касиетин күбөлөп тургандыктан, “Поэтикалык искусствосунун” автору Буало “Безупречный сонет один стоит длинной поэмы”десе, сынчы жана акын Сент-Бев: “Идея в сонете – это капля эссенции в хрустальной слезе”- деген. Э.Турсуновдун сонеттеринде да лирикалык каарман бардык турмуштук, жаратылыштык көрүнүштөргө ички бай, назик, таза сезими менен жандуу аралашып келет.Ал үчүн жашоого кайдыгер карап, элеңдеп- селеңдеп коркуп, “таш бакача көп жашап, жер үстүндө жүргөнчө, ителгиче бүркүттү тээп ыргытып, асманда сызып жүргөн артык.

Жүз элүү жыл кумурска жеп, курт жутуп,
Жүргүчөктү ташбакача таштарда,
Ителгиче бүркүттү тээп ыргытып,
Күрөш менен жашабаса ким эгер,
Күн көргөнү санда жок деп биле бер!
(“Бүркүттү тээп ыргытып”)

Анын жашоо кредосу адам деген толук маанини алып жүрөт. Бирок, бул өтө кыйын, анткени өзүнчө бактылуу болуп жашасаң, көрө албастар, ичи тарлар, көңүл ооруткандар, тоскоол, жолтоо болгондор пайда болот. Акын бир сонетинин бир катренинде мындай дейт:

Өтөт кырсык, өтөт оору, жөтөлмөй,
Өтөсүнөр кирген суунун шарынан,
Санаа, кайгы,өлүм келсе-көтөрмөй,
Сакта дегин адамдардын каарынан!

Э. Турсуновдун сонеттеринде келишимдүү аялдын образы, сүйүү маселеси бир топ эмоциялык сезим менен тартылат.

Сулуу көрдүм сууга келип чөмүлгөн,
Сууда туруп чачын жазды өрүлгөн.
Эрки менен кулач уруп, шапшынып,
Элик мисал эл ичинен бөлүнгөн.

Ардактаган сүйүүсүндөгү лирикалык кааарманды эң бир укмуш сыйкырдуу кереметке теңейт, албырган нуруна таазим этет.

Жаратылыш, алгың келсе,
баарын ал,
Жаштыгымды, байлыгымды,
үйүмдү.
Бирок менин ким экеним таанып ал,
бир сураарым, калтырып кой
сүйүүмдү.

Ашыктык сезими, махабат толкуну, сүйүү назы атам замандан бери эле ар бир адамдын жаштык дооруна ылайык ырдалып келет. Жалпыга белгилүү, сүйүү өмүрдүн соолгус булагы, сезимдин башкы күчү, поэзия дарагынын тамыры. Бакыт турмушту билгендерге берилгендей, сүйүү чыныгы сүйгөндөргө берилет. Бардык сыйкырдуу күчтөрдөй эле сүйүү сезимин оозеки айтып бериш кыйын. Ал түшүндүрүлгүс азаптуу нерсе. Ошол үчүн араб,кытай, фарсы, европа классикасынан тартып, ушул күндөргө чейин сүйүү поэзия аркылуу айтылат.

Күч атасы камаарабай жай кана,
Күйүп турган отту сууга таштады,
Ошол замат буу көтөрүп айлана,
От өчтү да…суу шарактай баштады.

Ошол өңдүү күйүп турган көздөрүң,
От илебин жүрөгүмө таштады,
Көрүп туруп айланамды сезбедим,
Көзүң өчүп…жүрөк күйө баштады.

Акын махабат кумарын гана даңазалабастан, ал аркылуу лирикалык образды ачат. Эгер лирикалык образ мисалы, аял же гүл болсо, ага карата күчтүү сезимдин атылышын, эбегейсиз акындык кудуретти даңазалайт.

Эки бөлөк болгон менен үйүбүз,
Экөөбүздүн бирдей ысык сүйүүбүз,
Эки башка турган менен айылыбыз,
Экөөбүздүн бирдей оор кайгыбыз.

Э Турсуновдун лирикаларындагы дагы бир касиет ал изденүүгө жана жаңы формага өзгөчө маани бергендигинде.Башкача айтканда (“Автопортрет”) изденип жараткандыгында. Кээ бир ырлары поэзияда түбөлүктүү ырдалган, ырдала берчү темалардан болсо да алардын табиятын жеткире түшүнгөн акын турмуштагы кандай кана көрүнүштү албасын, өзүнчө ой жүгүртүп, өзүнчө толгонууга умтулат.Изденүү акындын ой толгоосунан гана көрүнбөстөн, ошого түрлөрдү, боекторду таба билгендиктен да көрүнөт.Азыр сейрек учуроочу аталган китептин текши жана жакшы болушу андагы ырлардын улам өөрчүп, улам чыңалып отурушунда. Жалпы эле кыргыз поэзиясы жөнүндө бүгүнкү түшүнүктөрдөн, бүгүнкү позициядан туруп, азыркы кыргыз лирикасынын абалы жана табияты кандай деген суроого жооп издесек, анда акын Э.Турсуновдун поэзиясынан Адам турмушунун түбөлүктүү темаларын чагылткан, ага карата терең ой жүгүрткөн түбөлүктүү поэзиянын дүйнөсүнө туш болосуң.

**Адабияттар**:


1. Асаналиев К. Доор менен бирге. – Фрунзе: Кыргызстан, 1981. - 218-бет.
2. Эдилбаев К.Сөз тагдыры, - Фрунзе: Кыргызстан, 1982. - 2-бет,
   63-бет.
3. Борбугулов М. Адабият теориясы. –Бишкек: Шам, 1996. - 450-бет.

ABBYY PDF Transformer 2.0
Click here to buy
www.ABBYY.com

ABBYY PDF Transformer 2.0
Click here to buy
www.ABBYY.com